УДК: 82.31
DOI 10.33514/1694-7851-2022-4-330-334

**Тыныбек кызы П.**
окутуучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
**Тыныбек кызы П.**
преподавтель
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
**Tynybek kyzy P.**
Lecturer
Kyrgyz State University named after I. Arabaev

# ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН “АК КЕМЕ” ПОВЕСТИНДЕГЕ ЭКОЛОГИЯ ТЕМАСЫ

# ТЕМА ЭКОЛОГИИ В ПОВЕСТИ ЧИНГИЗА АЙТМАТОВА “БЕЛЫЙ ПОРОХОД”

# THE THEME OF ECOLOGY OF THE POEM “AK KEME” BY CHYNGYZ AITMATOV

**Аннотация:** Бул макалада Чыңгыз Айтматовдун повестиндеги чагылдырылган экология темасынын мааниси жана адамзат турмушундагы ролу тууралуу сөз болот. Макалада адам жана коом, муундар байланышы ошондой эле келечек тууралуу залкар жазуучунун көз караштары чечмеленет.

**Негизги сөздөр:** Бугу эне, Бала, Ак кеме, экология, жаратылыш, табият, трагедия

**Аннотация:** В данной статье идет речь о важности темы экологии и ее роли в жизни человека, отраженной в рассказе Чингиз Айтматова. В статье описываются взгляды великого писателя на взаимоотношения человека и общества, поколений, будущее.

**Ключевые слова:** Мама-олениха, Малыш, белый параход, экология, природа, трагедия.

**Annotation:** This article will talk about the importansce of the theme of ecology, and its role in human life reflected in Chingiz Aitmatos story. This article describes the great writers views on the relationship between man and society, Generations, and the future.

**Keywords:** Monther deer, Child, white ship, ecology, Nature, tragedy.

“Ак кеме” повестинде Ч. Айтматовдун окурманга жеткиргиси келген идеологиянын бирден бир негизги өзөгү адамзат менен жаратылыш ортосундагы карым катнаш. Ал тургай чыгарма башталышында эле аты жок бала жаратылыш менен дос болгон жерлери бар. Баланын ат койбогон ташы жок. Дагы бир корум “Ээр Таш” деп аталат. Дагы бир “Кашабаң” деген ташы бар, куду көк жал бөрү кейиптенип көксур, жалп түктүү, жар кабак. Бала чөптөрдү да кыял мүнөзүнө жараша бөлүштүрүп алган, жакшы көргөнү бар, жаман көргөнү бар, а түгүл ачуулусу да жок эмес. Бала адамдардын жакшы жаманын айрып тааный элек болгону менен, жаратылыш койнунан тапкан, табият дүйнөсүндөгү досторунун кыял мүнөздөрүн абдан жакшы билет. Муну менен алып караганда тестиер баланын жандүйнөсү жаратылышка жакын экени көрүнүп турат.

Белгилүү сынчы Асаналиев мындай айтат: “кордондо жашагандар үч түтүн; үч короо; үч эркек; үч аял; кийин портфель сатылып алынгандан кийин Бала да үчөө болот: өзү, дүрбүсү, китеп кабы. Сюжет да үч күндүк окуя: портфель алынган күн; мүйүздүү эне келген күн; мүйүздүү эне өлгөн күн. Бул магиялык үчтөргө биз повесттин курамындагы үч жомокту кошуп койсок болот; Мүйүздүү Бугу-Эне тууралуу; Чыпалак бала тууралуу; Теңир-Тоо тууралуу жомоктор. Бала үчүн үч дүйнө бар; бири өзү жашап аткан Жер дүйнөсү; экинчиси-баланы дайыма кызыктырган, күндүз булуттар каалгып сүзүп жүргөн, түнү Ай жана жылдыздары менен өзүнө арбап алган Асман дүйнөсү; үчүнчүсү-өзү баргысы келген, балык болуп жүргүсү келген Суу дүйнөсү” [1].

Ак-кеменин “каркасы” баланын эки жомогунан тургузулган. Бири таятасынан уккан жомок, экинчиси өзү курган жомок. Балким таятасынын жомогун укпаганда, өзүнүн кыялындагы “балык болуп сүзүп кетүү” жомогу пайда болбос беле.

“Атаганат, бу пенде дегениң ар качан наристедей периште бойдон калсачы. Жашоо-турмуш дегениң ар убак ушу баланын баё кыял-жомогундагыдай ажайып сонун болсочу. Бирок турмуш башкача курулган. Жакшылыкты жамандык дайыма такымдап жүргөнү жүргөн. Жакшылык адамдын жашоосун саал эле жаркытса, жамандык кайра бүркөлтүүгө аңдып турганы турган. Атам замандан бери келаткан шарты ушул” – дегенсийт автор.

Момун чал айтып берген Мүйүздүү бугу эне жомогунда элдик уламышты кайра иштеп чыгып, анда адам баласынын табиятка болгон таш-боор мамилеси көрсөтүлөт. Ал жомокто Майрык – Чаар-Жезкемпир “Булар деген адам баласы. Чоңоюп алып, өзүңдүн бугучаларыңа ок атат, ошону ойлодуңбу?” – деп Бугу Энеге айтса, ал: “Чоңойгондо булар бугучаларыма кол көтөрбөйт. Мен буларга эне болом, булар мага бала болуп калат. Анан кантип өз ага карындаштарына жамандык санасын” – деп жооп берет. Майрык – Чаар-Жезкемпирдин адамдар кайберен эмес, бирин-бири аябайт”, башка адамдар көрөр замат бул эки кичинекей адамды өлтүрүп салат, булардын да азабын тартып, сага эмне күч келди, жолдо өлсө, же каракчылар жайласа, же өздөрү чоңоюп алып ак сүтүң унутуп, адамдын арамдыгына кетсе өзүңөн көр деген жерлери бар. Аягында Майрык-Чаар-Жезкемпирдин айтканы туура чыгат. Жаныбар болсо да, ак-сүтү менен чоңойтуп тукумун кураган Бугу Энеге чын эле кол салат. Ошентип Ысык- Көлдүн бугу маралы кыргынга калат. Аяган жан болбойт. Жайылган жайытынан куулат. Түнөгөн түнөгүнөн сүрүлөт. Акыры көл тегерегинен бугу марал жоголот. Кадимки жайытынан маңкайып карап турчу карааны өчөт. Кайран бугулардын мүйүзү кагжырап, ураган күмбөздөрдун маңдайында гана калат.

“Ошентип, турмуштун татаал диалектикасы менен тарыхый динамикасын азыркы мезгилдин социалдык-идеологиялык, философиялык-имандык, маданий-эстетикалык проблемаларынын контекстинде концептуалдуу чагылткан жомоктук-поэтикалык реалдуулук Ч. Айтматовдун аң-сезиминин али өчө элек жанар тоодой илеп чачкан жандуу табигый стихиясы. Мында ал-абалкы маанилик курулманын субстанциялык негизи болуп эсептелген экологиялык-имандык проблематиканын ролу албетте зор. Анткени, бүгүнкүдөй бүт биосфераны кучагына алган курч абалга жетпесе да, табияттын айрым жеке факторлору менен алака катышында адам кай бир кыйын кырдаалдарга ошо атам замандарда эле туш болгон. Табигый таасир себептер менен өндүрүштүк күч-кубаты өскөн адамдын өзүнүн активдүү аракеттеринен улам, айлана-чөйрөдөгү жашоого керектүү жагдай шарттар кээде кескин өзгөрүүлөргө учураган. Ушунун баары байыркы жамааттардын жашоо тиричилигиндеги окумуштуулар азыр айтып жүрүшкөн алгачкы экологиялык кризисти пайда кылган. Учурундагы ушундай түйүндүү коллизиялардын түп жайын аңдап-түшүнүүгө аракеттенген архаикалык аң-сезим

тарабынан адам менен табиятты өз ара мамилелериндеги жамааттын жашоо-турмушу, болочок тагдыры үчүн сабак болоорлук тарыхый тажрыйбанын баары туруктуу семантикалык системага айландырылып, анан алар өткөндөн калган касиеттүү осуят же нускалуу насыйкат түрүндө ритуалдык ырым-жырымдарда, үрп-адаттарда, жөрөлгөлүү каада-салттарда такай кайталанып, ошондой эле эртеги миф-жомоктордо, аңыз уламыштарда, эпос-дастандарда өмүр сүрүп, элдин эсине салынып турган”[2].

Жогоруда айтылган үрп-адат, каада-салт, кыргыздын улуттук көрөңгөсү, маданияты, Ак кемеде Момун чал айткан жомокто көзгө басаарлык сүрөттөө менен берилген. Бул жомок менен жазуучу адамдан өткөн таш боор, кара мүртөз болбостугун, табияттын таш талканын чыгарчу да, жаратылыш сулуулугун кыйрачу да адам баласы экенин айткысы келген.

Бул чыгарманын жаралыш тарыхы мындайча: -Айтматов анда борбордук газетанын өз кабарчысы катары иштеген кези экен. Бир жолу иш сапар менен Соң-Көлгө барат да, келе жатканда булардын машинасына браконьерлер атып алган бугуну жүктөшөт. Ошону карап отуруп, катуу көңүлү калат да, ошондон чыгарманын түпкү түйүлдүгү пайда болот.

Жомоктон уккан, алиги бугуларды атып өлтүргөн кайгылуу көрүнүш, баланын чыныгы жашоосунда кайрадан кайталанышы анын балалык аруу дүйнөсүнө чоң сокку болду, андан дагы ал жомокту өзү айтып берген, бала үчүн дүйнөдөгү эң жакшы адам, эң жакын адам деп эсептеген Момун чалдын өзү бугуну атып өлтүргөнү жан кейитээр эле.

“Бастырманын түбүнөн мүйүздүү марал башын көргөндө бала селт этип кетти, аза бою дүркүрөдү. Мууздоосундагы каны карайып катып, маралдын башы жер тиштеп, чаңга аралашып жатыптыр. Баланын үрөйү учту. Көргөн көзүнө ишенбеди. Бу жаткан Мүйүздүү Бугу-Эненин башы эле.

Бул жолу – бала ааламда өзүн жалгыз сезди. Момун чал да ага чоочундай туюлду. Балык болуп сүзүп кетүүнү туура көрдү. Таятасы айтып берген мүйүздүү бугу эне жомогу талкаланды, өз жомогун чынга айландыргысы келди.

– Менин балык болгонум жакшы. Сүзүп кетем бул жерден. Балык болуп сүзүп, Ак кемеге барам деген баланын таза аруу дүйнөсү көлгө жетеледи да, көлгө боюн таштады.

Ооба, бала мерт болду. Бирок жомоктун эмес, реалисттик көркөм чыгарманын каарманы болгон Бала эч убакта балык болуп кубула албайт эле. Аны автор да айтып жатат: «Бирок күтпөдүң, сүзүп кеттиң. Эч качан балык болуп кубула албасынды билдин бекен? Ысык-Көлгө сүзүп кете албасыңды билдиң бекен?”

“Адамзаттагы балалык абийирдин “үрөөнү” болгон Бала өлдү. А бирок автор оптимисттик кайрат менен: «Бала жүрөгүң арамдык менен кыянатчылыкты кабыл албады, балык болом деп сүзүп кеткениңен мен ушуну билдим. Эми менин көңүл жубатаарым да ушул. Бир жарк этип, жалпы өчкөн чагылгандай жашап өттүн, Чагылганды Көк Теңир чыгат. Көк түбөлүктүү. Менин көңүл жубатаарым ушул. Дагы бир көнүл жубатаарым: адамдагы балалык абийир дандагы түйүлдүк сыңары. Түйүлдүгү жок дан өспөйт. Бу дүйнөдө кандай күндү баштан кечирбейли, бирок адам туулуп-өлүп тураары чын болсо, акыйкаттык түбөлүк жашаары чын…” Ошентип, Бала-символ, келечектин символу. Бала-адамдагы балалык абийирдин”үрөөнүнүн” ээси. Бала касиеттүү Бугу-Энеге кол көтөргөндөрдүн абийир, ыйманын ойготуу үчүн ишеним жолуна чабылган курмандык. [3]

“Бала-балык болуп сүзүп» кеткенден кийинки кордондогулардын ар кимисинин абалын болжолдуу элестетип көрүңүзчү. Г. Гачаев айткандай – “Жин шайтандардын балы” тарады, мастар соолукту. Карашса Бала жок, эч жерде жок. Балким, баланын сөөгү табылып, сууга акканын билишти, балким, кантип, кайда жоголгонун билбей баштары маң болду. Момун

чал мөңдөп жатат: "Касиеттүү Бугу-Эненин кусуру урду", "Касиеттүү Бугу-Эне мендей кеңкелести жазалаш үчүн неберемди алып кетти" – деп. Бүгүнкү "Ат" – деп буйрук берген Орозкул, "Болбойт, марал атсак оңбойбуз. Биз бугулукпуз. Мүйүздүү Бугу-Эненин балдары болобуз" – деп кетенчиктеген Момун чалды шылдыңдап, "бай манаптын жомогун айтып жүргөнүңдү жазчу жерге жазып жиберем" – деп коркутуп, шыкактап атып аттырган Сейдакмат, "Кокуй, Орозкулга каяша кылба "өл" десе өл, "тирил" десе "тирил" деп турчу өгөй таяне кандай абалда калышты. Адам өлгөн менен ал жөнүндө эскерүү адамдардын эсинде жашап кала берет эмеспи. Сыртынан анча сыр беришпесе да, Баланын өлүмүнө себепкер болгондорду ичтеринде кантип уяты тынч койсун. Жомоктогу карышкыр Чыпалак баланы жутуп алган окуядан кийин демейки карышкырлык жосунун кыла албай, ит болуп жалданууга аргасыз болгон сыяктуу эле Бугу-Эне жомогуна ишенген Баланы "жуткан" Орозкул да эми баягы карышкыр Орозкулдугун уланта берээр бекен? Ал жомоктун бир тарабына ишенбесе да, экинчи тарабына ишенүүгө аргасыз. Бала Мүйүздүү энени сактап кала албаган аргасыздыгынан "сүзүп" кеткенине ишенбесе да, андан кабардар болбосо да Мүйүздүү Эне өзүнүн өлтүргөн кордондогулардан өч алыш үчүн Баланын жоголушуна себепкер болгондугуна ишенүүгө, Баланын "кайып" болуп кетишине өзүнүн түздөн-түз күнөөсү бар экендигин сезүүгө аргасыз.

Чыгармадагы окурмандарга талаш жараткан негизги маселе – бул баланын адамдар арасында жашабай балык болуп сүзүп кетүүсү. Айрымдар повести көңүл чөгөт кылчу пессимисттик чыгарма катары таанышты. Анда жазуучу "Ак кемедеги" баланын өлүмү аркылуу мен түк да жамандык жакшылыкты сүрүп чыгарып көрсөткөн жерим жок, менин көздөгөн максатым ак иштин арыбас экендигин ачып берүү, ал үчүн кейипкер өз жанын кыйып болсо да күрөшө тургандыгын көрсөтүү – деген терең философиялык ой пикирлерин калтырган.

Чыгармада баланын таятасы аталган Момун чал момун дегенчелик бар. Улуу дебей кичүү дебей, өз дебей, жат дебей көрүнгөнгө жапырылып салам берип, жумшаган иштен моюн толгобой кызмат кылган Момун чал окурмандын бирде кыжырын кайнатса, бирде боор оорутат. Кебетесинде жүдөмүш бир байкуш көрүнгөнү менен, жазуучу Момун чалдын колунан келбеген иш жок экендигин баса белгилейт. Адам баласынын сырткы келбетин кароо менен эле тыянак чыгарбоо керек экенин тастыктайт. Повестте анын камчы өрүп,жыгач токуп көп кишилердин каалга кашегин аштаганы айтылат. Сырткы келбетинде аксакалдык бир сөөлөкөтү жок,же каадасы жок,ичинде кыпындай кири жок ак көңүл байкуш Момундун эле карама каршысы Орозкул эмеспи. Бала үчүн ал бул ааламдагы эң жаман адам. Повестте Орозкул дүйнөдөгү эң жаман касиеттерди өзүнө жыйнап алгандай сезилет. Мына ушул адам деп аталганы менен айбанчалык мээрими жок Орозкулдун табиятка жасаган мамилеси аркылуу, экологияга келтирген зыяны көрсөтүлөт. Анда Орозкул токой кызматчысы болуп туруп корукта турган карагайдан кайыңга чейин ээлик кылып, кошомат кылган башчыга, курсак тойгузган кусчуга карматып койо берет. Ал үчүн экологияны коргоо маанилүү эмес. Маанилүүсү кадыр барк күтүүсү.

"Жай келип, мал жайлоого чыккандан тартып Орозкулга күндө майрам, күндө той. Ал кезде чабандар менен жылкычыларга Орозкул көзгө сүртүүгө дары болот. Анткени Орозкул керектүү киши. Орозкулду колго алса, көңүлүн ыраазы кылса, ал корук токойдон эки-үч карагай жылдырып коору ажап эмес".

Автор жомоктогу Бугу энеге кылган адамзаттын кыянаттыгы менен Орозкулдун маралдарга жасаган мыкаачылыгы аркылуу адам баласынын экологияга анын ичинде жоголуп бара жаткан кайберендерге мергенчилик кылууга тыюу салууну чакыруу өңүттө болгон.

Ата-бабалардын акыл-эс тажрыйбаларынын жыйындысы болгон фольклор бүгүнкү күн үчүн да өз маанисин жоготпогондугу жана ошону менен бирге аларда камтылган айлана-чөйрөдөгү жаратылыш байлыгын жана кооздугун сактоо, акыл-эстүүлүк менен сарамжал пайдалануу кылымдардын түбүнөн бери келе жаткан түбөлүктүү жана эч убакта актуалдуулугун жоготпой турган маселе экендигин, Бугу-Эне жөнүндөгү аңыз сөз повестте да ушундай максатта пайдаланылгандыгын баса көрсөтө айткан эле.

Акыркы жылдарда Кыргызстандын аймагында мергенчилик кылуу туризми да дүркүрөп өнүгүүдө. Мыйзам боюнча Кыргызстанда мергенчилик кылууга атайын уруксат кагазы боюнча гана уруксат берилет. Ысык-Көлдүн Сырт жайлоосу менен Нарындын Аксай, Арпа жайлоолору Кыргызстандагы кайберендин мекени катары каттоого алынган. Кызыл китепке кирген бул байлыктарды көзөмөлдөөгө бир нече мекемелер укук ала бергендиктен, чарбасыздык күчөгөнүн жергиликтүү адистер далилдеп келатат. Мисалы, Кытай менен чектешкен Жети-Өгүз районунун 4.5 миң метр бийик Кайчы, Ак-Өгүз, Тоголок деген ашууларына барганыбызда, бул жайлоолорду чет элдик фирмалар 49 жылга ижарага алганына күбө болдук. Аларды жетектеп жүргөн жергиликтүү адис каалагандай аңчылык жүрүп жатканын да жашырган жок. Мергенчилер күнүмдүк пайда табууну көздөп, Кызыл китепке киргизилген жаныбарларды аёосуз атып жатышканы жана автор бул көрүнүшкө өзү күбө болгону, ошондон улам чыгарманын жаралышы тастыктайт.

Чыгарманын өзөгүн түзүп турган каармандар жана алардын образдары аркылуу адам баласы табиятка кандай мамиле кылса кайра жообун ошондой алаары ачык берилген. Анда Орозкулдун баласыз куу баш болуп калышына да анын жаратылышка жасаган мамилесине, табияттын ага болгон жообу болсо керек деген ой туулат.

Ошондуктан, экологияны жана табигый биологиялык чөйрөнү сактоо жаратылышка сый мамиле кылуу милдети менен гана чектөөгө болбойт экендигин байкасак болот. Маданий чөйрөнү жана адамзат абийирин, адамдык касиетти сактоо айлана-чөйрөдөгү табиятты сактоодон кем калышпаган олуттуу маселе. Эгерде жаратылыш адамга биологиялык өмүр турмушу үчүн керек болсо, маданий чөйрө рухий ыймандык өмүр-турмушу үчүн керек.

Биз жашап жаткан дүйнө, бизди курчап турган жаратылыш-бул жандуу театр. Ал эми адам баласы ошол театрда образ жаратуучу каармандар, ар кимдин ар кандай жанрда тандап алган ролу бар. Кимдир бирөө үчүн бул жашоо комедия,а кимдир бирөө үчүн башына кайгы түшкөн трагедия, кайсы бири сүйүүгө балкыган романтика. Бирөө оң каарман, экинчиси терс каарман. Турмушта татыктуу из калтырсам деп, ким бирөө (Момун чал) ак эмгек асыл ой менен кара жанын карч уруп жатат. Тескерисинче бирөө (Орозкул) кыянаттык кылуудан купулу толуп турат. Каармандар жашоодогу образды өзү тандап алат.

Театр болгон табиятты, жаратылышты, экологияны көздүн карегиндей сактап, андагы каармандар жакшы ролдо образ жаратып өмүр сүрсө деген ойду айткым келди.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Жакыпбекова А. – Б.: “Кут-Бер”, 2018.
2. Акматов Казат. Ачуу чындык, акыйкат сөз: (Чыңгыз Айтматовдун 85 жылдыгына карата). – Б., 2013.
3. Ч. Айтматовдун чыгармачылыгы боюнча изилдөөл. – Б., 2002.
4. 3 томдук: 2 том. / Түз. А. Кадырмамбетова, Ж. Тургунбаева. – Б., 2005.
5. Чынгыз Айтматовдун философиясы. – Б.: Улуу тоолор, 2018.

**Рецензент: пед. илим. канд., доц. м.а. Толоев М.Ж.**